**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУ**

**ФОНД ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024-жылдын «29» 01 № 13 Бишкек шаары

**ММК Полисинин наркы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 25-январындагы № 78 «Милдеттуу медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө» буйругунун негизинде **буйрук кылам:**

1. ММК полисинин наркы 2024-жылдын 1-февралынан баштап ишке ашырылсын:

1.1. Кыргыз Республикасынын жарандарына, Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттердин Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жүргөн жана мыйзамдуу негизде эмгек ишмердигин жүргүзгөн эмгекчилердин үй-бүлө мүчөлөрүнө, качкындарга жана Кыргыз Республикасында башпаанек издегендерге, кайрылмандарга колдонуу мөөнөтү 12 календардык айга 1840 сом өлчөмүндө;

1.2. чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдарга колдонуу мөөнөтү 6 календардык айга 5955 сом өлчөмүндө жана колдонуу мөөнөтү 12 календардык айга 11910 сом өлчөмүндө;

1.3. Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк жарандарга колдонуу мөөнөтү 12 календардык айга 11910 сом өлчөмүндө.

2. Маалыматтык-техникалык камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысы (Мухтар уулу Тилек) камсыз кылсын:

2.1. ММК фондунун «ММК Полиси» программалык камсыздоосуна тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2.2. ММК Полистеринин наркынын 2024-жылга карата өзгөргөндүгү жөнүндө ММК Полистери үчүн төлөмдөрдү кабыл алган төлөм системаларынын (QuickPay, Мегаком, Платежные терминалы Pay 24) жоопту адамдарына жеткирүүнү;

2.3. алгоритмдерге ылайык төлөм системаларынын (QuickPay, Мегаком, Платежные терминалы Pay 24) үзгүлтүксүз иштешин.

3. Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башчысы (Ж.А. Азизбекова), маалыматтык саясат жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн башчысы (С.Т. Байтикова), аймактык башкармалыктардын директорлору (Т.Э. Өмүрчиев, Ч.Ы. Момунова,

С.А. Шамеева, У.С. Эмилбаев, Т.М. Исаев, М.К. Омокеев, А.С. Самарбеков, К.Т. Сапарбаев) камсыз кылышсын:

3.1. калк жана саламаттык сактоо системасынын кызматкерлери арасында 2024-жылга ММК Полисинин наркы жөнүндө, камсыздандырылган жарандардын МКП боюнча медициналык кызмат алуудагы укуктары жөнүндө маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү;

3.2. калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы менен камтуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүнү;

3.3. ММК Полисинин таркатылышы боюнча мониторинг жүргүзүүнү;

3.4. бул буйрук ММК Фонду менен келишим боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарына маалымдоону.

4. ММК фондунун 2023-жылдын 28-февралындагы № 37 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Полисинин наркы жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп эсептелсин.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө төраганын биринчи орун басары К.Т. Оскомбаевага жана төраганын орун басары М.Т. Шабдановго жүктөлсүн.

---

## О стоимости Полиса ОМС

В соответствии с приказом Министерства здравоохранения Кыргызской Республики «О стоимости полиса обязательного медицинского страхования» от 25 января 2024 года № 78 **приказываю:**

1. Установить стоимость Полисов ОМС с 1 февраля 2024 года для:

1.1. граждан Кыргызской Республики, членов семей трудящихся из государств-членов Евразийского экономического союза, законно находящихся и на законном основании осуществляющих трудовую деятельность на территории Кыргызской Республики, беженцев, лиц, ищущих убежище в Кыргызской Республике и кайрылманам со сроком действия на 12 календарных месяцев в размере 1840 сомов;

1.2. иностранных граждан, лиц без гражданства со сроком действия на 6 календарных месяцев в размере 5955 сомов и 12 календарных месяцев в размере 11910 сомов.

1.3. иностранных лиц, обучающихся в образовательных организациях Кыргызской Республики со сроком действия 12 календарных месяцев в размере 11910 сомов.

2. Начальнику Отдела информационно-технического обеспечения (Мухтар уулу Тилек):

2.1. внести соответствующие изменения в программное обеспечение Фонда ОМС «Полис ОМС»;

2.2. довести до сведения ответственных лиц платежных систем, принимающих оплату за полисы ОМС (QuickPay, Мегаком, Платежные терминалы Pay 24) об изменении стоимости полисов ОМС на 2024 год;

2.3. обеспечить бесперебойную работу платежных систем (QuickPay, Мегаком, Платежные терминалы Pay 24) согласно алгоритмам.

3. Начальникам управления реализации программ медицинского страхования (Ж.А. Азизбекова), отдела информационной политики и связи с общественностью (С.Т. Байтикова), директорам территориальных управлений (Т.Э. Омурчиев, Ч.Ы. Момунова, С.А. Шамеева, У.С. Эмилбаев, Т.М. Исаев, М.К. Омокеев, А.С. Самарбеков, К.Т. Сапарбаев) обеспечить:

3.1. проведение информационно-разъяснительной работы среди населения и работников системы здравоохранения о стоимости Полиса ОМС на 2024 год, о правах застрахованных граждан при получении медицинских услуг по ПГГ;

3.2. проведение мероприятий по охвату населения системой обязательного медицинского страхования;

3.3. проведение мониторинга реализации Полиса ОМС;

3.4. довести настоящий приказ до сведения организаций здравоохранения, работающих по договорам с Фондом ОМС.

4. Признать утратившим силу приказ Фонда ОМС “О стоимости Полиса обязательного медицтнского страхования” от 28 февраля 2023 года № 37.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на первого заместителя председателя К.Т. Оскомбаеву и заместителя председателя М.Т. Шабданова.

**Төрага** **А.К. Муканов**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун**
2024-жылдын « ___» « __________» №_______

**«Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө» буйругуна макулдашуу барагы**

**Буйруктун долбоорун даярдаган:**
Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башчысы — Ж.А. Азизбекова
2024-жыл «_____»__________

**Аткаруучу:**
Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын жетектөөчү адиси — Н.Э. Маматова
2024-жыл «27»__01__

**Макулдашылды:**

Төраганын биринчи орун басары — К.Т. Оскомбаева
2024-жыл «_____»__________

Төраганын орун басары — М.Т. Шабданов
2024-жыл «_____»__________

Медициналык жардамдын сапатын контролдоо жана талдоо жүргүзүү башкармалыгы — С.Ы. Ажыкабылов
2024-жыл «_____»__________

Бюджетти аткаруу башкармалыгы — Э.М. Орозалиев
2024-жыл «_____»__________

Бюджетти пландоо башкармалыгы — М.М. Атакулов
2024-жыл «_____»__________

Эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы — А.Т. Бекебаев
2024-жыл «_____»__________

Маалыматтык-техникалык камсыз кылуу бөлүмү — Мухтар уулу Тилек
2024-жыл «_____»__________

Маалыматтык саясат жана коомчулук менен байланыш бөлүмү — С.Т. Байтикова
2024-жыл «_____»__________

Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмү — А.Б. Керимбаев
2024-жыл «21» 01

Уюштуруу бөлүмү — М.К. Мамбеталиев
2024-жыл «_____»__________